**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ЭКОНОМИКА ЖАНА ИШКЕРДИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К 08.15.510 Ведомостволор аралык диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
**УДК: 338.26 (575.25) (043.3)**

**Арынова Наргиза Сапаралиевна**

# АЙЫЛ ЖЕРГЕСИНИН СОЦИАЛДЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

**(Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)**

**08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу**

**(аймактык экономика)**

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Ош – 2015**

Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин “Экономика жана бухгалтердик эсеп” кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** экономика илимдеринин кандидаты, доцент
**Райымбаев Чаткалбай Кенейбаевич**

**Расмий опоненттери:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Тургунбаев Жусуп Тургунбаевич**

экономика илимдеринин кандидаты, доцент
**Уметов Салмоорбек Садирбекович**

***Жетектөөчү мекеме:*** Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, “Экономика” кафедрасы, дареги: 720033, Бишкек ш., Фрунзе к, 547.

Диссертациялык иш **2015-жылдын 29-майында саат 16.00дө** Ош мамлекеттик университети жана Экономика жана ишкердүүлүк университетине караштуу экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн К. 08.15.510 Ведомстволор аралык диссертациялык кеңешинде корголот. Дареги: 714000, Ош ш., А.Масалиев проспектиси, 80.

Диссертациялык иштин кол жазмасы менен Ош мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 714000, Ош ш., Ленин көчөсү, 331.

Автореферат 2015-жылдын 29-апрелинде таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин кандидаты, доцент Кулуева Ч.Р.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилденген теманын актуалдуулугу.** Азыркы күндүн шартында көз карандысыз мамлекеттердин социалдык-экономикалык өнүгүшүндө айылдардын социалдык өнүгүүсүн модернизациялоо өзгөчө мааниге ээ. Бул процесстин Кыргыз Республикасы үчүн өзгөчөлүгү болуп, өлкөнүн жалпы калкынын үчтөн эки бөлүгү айыл жеринде жашагандыгы жана элет жергесинде маанилүү көрсөткүчтөгү билим берүү, медициналык, маданият мекемелеринин жайгашкандыгы, ошондой эле социалдык жактан камсыздандыруу саналат.

Изилденип жаткан көйгөй айкын түрдөгү аймактык мүнөзгө ээ. Анткени айыл жергесинин социалдык өнүгүү маселелерин изилдөө аймактык айыл түшүнүгүнүн чегиндеги айыл, район жана башка административдик аймактык бөлүштүрүүнүн ачык-айкын мүнөзүнө ээ болот. Бул маселеге байланыштуу социалдык өнүгүүнү уюштуруу, талдоо жана жыйынтык чыгаруу боюнча Ош облусу жеткиликтүү көрсөткүчкө ээ аймак болуп саналат.

Айыл жергесинин социалдык өнүгүүсү өз кезегинде жалпы аймактык өнүгүүгө, ошондой эле бүтүндөй республиканын өнүгүүсүнө таасирин тийгизет деп ишенимдүү айтууга болот. Анткени, ал табигый-климаттык шартка, айылдын жайгашкан географиялык абалына, транспорттук жана башка байланыш мүмкүнчүлүктөрүнө байланыштуу өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ.

Башка өзгөчөлүктөрүнөн болуп, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданий-массалык процесстерди жүргүзүүнү, ошондой эле социалдык камсыздандырууну уюштуруунун спецификасы саналат. Айыл тургундарынын турмуштук тажрыйбалары, каада-салттары, курчаган айлана чөйрөнү кабыл алуусу жана ага ылайык билим берүү системасында билим алышы, ден соолукка кам көрүүсү учурдагы шаар тургундарынан кыйла айырмаланат. Себеби, татыктуу билим алууга жана медициналык кызматты жеткиликтүү пайдаланууга айылдыктардын мүмкүнчүлүктөрү бир топ чектелүү.

Айыл жергесинин социалдык чөйрөсү башка тармактык комплекстер менен тыгыз байланышта болуп, бир аймактын гана өнүгүүсүнө таасирин тийгизбестен, бүтүндөй республиканын социалдык-экономикалык өнүгүшүн кучагына алып өз таасирин тийгизет. Анткени, районду айтпаган күндө да, кайсыл гана айыл болбосун, аймактык жергиликтүү бийлик органдары, республикалык органдар, мекемелер жана экономикалык структуралар менен байланышта иш алып барат. Айрыкча, жаш муундарга орто адистик жана жогорку билим берүүдө, саламаттыкты сактоо тармагынын жана социалдык камсыздандыруу тармагынын кызматтарын пайдаланууда ачык-айкын көрүнөт.

Ошону менен бирге эле рынок мамилесине өтүү шартындагы айыл жергесинин социалдык өнүгүү маселелери жетишерлик окуп үйрөнүлгөн

эмес жана өз деңгээлинде изилденбеген. Бул багыттагы илимий макалалар жана илимий эмгектер көп учурда социалдык чөйрөдөгү айрым тармактардын маселелерине гана (билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият ж.б.) тиешелүү иштелип, айыл жергесинин бөтөнчөлүгү ажыратылып каралган эмес. Ошого карабай калктын айыл жергесинде эки эсе көп жашагандыгына байланыштуу билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык камсыздандыруу тармактарын эффективдүү уюштуруу маселеси жаңы мааниге ээ болуп, талдоо жүргүзүлөт.

Жогоруда белгиленген көйгөйлөрдүн актуалдуулугу, теориялык жана практикалык иштелмелердин максатка ылайык жүргүзүлүшү айылдардын мындан ары карай социалдык өнүгүшү боюнча изилдөөнүн темасын аныктап, максатын жана чечүү тапшырмасын белгилейт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий жана мамлекеттик программалар менен болгон байланышы.** Айыл жергесинин социалдык өнүгүү маселеси: 2013-2017-жылдарда Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында, Ош облустунун перспективалык өнүгүү Концепциясында чагылдырылган.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Айыл жергесинин социалдык өнүгүү маселелерин комплекстүү изилдөө жана Ош облусунун мисалында социалдык өнүгүүнү жүзөгө ашыруу жолун иштеп чыгуу изилдөөнүн максаты болуп саналат.

Максатка жетүү үчүн автор төмөнкүдөй конкреттүү **тапшырмаларды** чечүүнү алдына милдет кылып койгон:

- айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүнүн маңызын жана мазмунун ачып берүү;
- айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүгө таасир этүүчү факторлорду аныктоо;
- айыл жергесиндеги социалдык өнүгүү багытындагы эл аралык тажрыйбаларды изилдөө;
- Ош облусундагы айыл жерлериндеги социалдык өнүгүү абалына жана тенденциясына анализ жүргүзүү;
- айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүнүн материалдык базасын чыңдоонун негизги багытын аныктоо;
- айыл жериндеги билим берүү жана саламаттыкты сактоо системаларын жакшыртуу жолдорун иштеп чыгуу;
- айыл калкын социалдык жактан камсыздандырууну өркүндөтүүнүн векторлорун белгилөө.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы** төмөнкүлөрдөн турат:

- айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүнүн маңызын жана мазмунун ачып берүү менен ага тиешелүү түшүнүктөргө тактоо киргизүү аркылуу, рынок экономикасынын түзүлүшүн эске алып, социалдык өнүгүүнүн мазмундуу мүнөздөмөсүн модернизациялоо зарылдыгына басым жасалды;
- айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүгө таасир этүүчү факторлор системалаштырылып, аймактагы социалдык өнүгүүгө сандык жана сапаттык

жактан таасир бере турган маселелерине кайрылуу менен, аларды чечүү жолуна өзгөчө көңүл бурулду;

- айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнө байланышкан чет өлкөлүк тажрыйбаларын изилдөөнүн негизинде, аларды биздин аймактын шартына ыңгайлаштырып пайдаланууга аракет жасалды;

- социалдык өнүгүүнүн материалдык базасын бекемдөөнүн негизги багыты сунушталды;

- айыл жергесинде билим берүү жана саламаттыкты сактоо системаларын жакшыртуу жолдору иштелип чыкты жана сунушталды;

- айыл калкын социалдык жактан камсыздандырууну өркүндөтүүгө керек боло турган векторлор аныкталды.

**Илимий изилдөөнүн практикалык маанисине** диссертациянын теориялык жоболорунун түзүлүшүнө жана айыл жергесиндеги социалдык чөйрөгө берилген практикалык сунуштарга ылайык айыл жашоочуларына берилген социалдык кызмат деңгээлинин жогорулашы, ошондой эле билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият системаларын жана социалдык жактан камсыздандырууну уюштурууну жыйынтыктоо сыяктуу иш чаралар кирет.

**Алынган илимий жыйынтыктардын экономикалык маанисине** негизги теориялык жоболор, жыйынтыктар жана диссертациялык изилдөөнүн натыйжасы менен берилген сунуштар социалдык өнүгүүнүн аймактык жана республикалык масштабдагы социалдык кайра түзүлүштүн эффективдүү варианттарын кошкон долбоорлордун иштелип чыгышына негиз болуп калуу мүмкүнчүлүктөрү кирет.

**Коргоого алып чыгуучу диссертациянын негизги жоболору**. Диссертацияда иштелип чыккан жаңы жоболор, айыл жергесиндеги социалдык чөйрөгө тиешелүү тактоо жана кошумча киргизүү максатында иштелип чыгып, коргоого алып чыгарылууда. Мындан тышкары коргоонун предмети болуп билим берүү жана саламаттыкты сактоо системаларын уюштурууну жүзөгө ашыруудагы материалдык базаны чыңдоо боюнча сунуш кылынган иш чаралар саналат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Автор тарабынан айылдардагы социалдык өнүгүүгө жана анын пайда болуу өзгөчөлүгүнө айрым аймактардын мисалында анализ жүргүзүлүп, теориялык жана практикалык аспектиде корутундуланды.

**Изилдөө жыйынтыгынын турмушка ашырылышы жана апробацияланышы.** Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн негизги натыйжалары республикалык, аймактык жана жергиликтүү конференция жана семинарларда талкууланган. Усулдук жоболор жана диссертациялык изилдөөнүн иштелмелери Ош облусундагы социалдык чөйрөдөгү органдардын практикалык ишмердүүлүгүндө пайдаланууга жол тапты.

**Диссертациянын жыйынтыгынын басылмаларда толук жарыяланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 8 илимий макала жарыяланды.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана структурасы.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, 9 параграф, 9 сүрөт, 18 таблица, корутундулар жана адабияттардын тизмегинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын максаты жана изилдөө багыты, иштин актуалдуулугу жана түзүлүшү келтирилген.

**Биринчи бөлүмдө** “Социалдык өнүгүүнүн теориялык-методологиялык негиздери” айыл жериндеги социалдык өнүгүүнүн маңызы жана мазмуну; айыл жериндеги социалдык өнүгүүгө таасир этүүчү факторлор; айыл жериндеги социалдык өнүгүүсүнүн эл аралык тажырыйбалары каралат.

Социалдык өнүгүү - адамзат коомунун жалпы өнүгүүсүнүн ажырагыс бөлүгү болуп, ал экономикалык, коомдук техникалык-технологиялык жана башка коомдук өнүгүү менен тыгыз байланышта жүрөт. Социалдык өнүгүү көп баскычтуу жана көп катмардуу мүнөзгө ээ болуп, коомдук процесске күчтүү таасир берсе да, өз кезегинде анын өзү адекваттуу баага муктаж болот. Ошондуктан, аны баалоо үчүн түрдүү көрсөткүчтөр жана ар кандай белгидеги классификациялар колдонулат.

Айыл жериндеги социалдык өнүгүү берилген орду боюнча объективдүү мүнөздөгү факторлорго таасир берүүчү спецификалык өзгөчөлүккө ээ. Айыл жеринин табигый-климаттык шарты социалдык чөйрөнүн көп тармагында өз изин калтырат. Анын арасында калктын жайгашуусу, айылдардын географиялык орду, борбордон узактыгы жана башка себептер социалдык чөйрөнүн инфраструктуралык объектилеринин курулушуна жана өнүгүшүнө негиз катары кызмат кылат. 1кв кмга жайгашкан калктын жыштыгы, заманбап байланыш каражаттарына жетишүү мүмкүнчүлүгү жана коммуникация, билим берүү, медициналык кызмат көрсөтүү өндүрүшүнө өз таасирин тийгизет.

Автор жүргүзгөн талдоолордун негизинде социалдык чөйрөдөгү объектилердин функцияларын төмөнкүдөй квалификацияга бөлүштүрөт: турак-жай-коммуналдык чарбасы; калкты турмуш тиричилик жактан камсыздоонун өндүрүштүк эмес түрлөрү; саламаттыкты сактоо, дене-тарбия; социалдык камсыздоо; билим берүү; маданият жана искусство; илим жана илимди тейлөө; камсыздандыруу, пенсиялык камсыздоо; башкаруу; коомдук уюмдар.

Көптөгөн экономикалык адабияттарда социалдык чөйрө өндүрүштүк эмес чөйрөгө кошулат деген көз караш арбын айтылат. Ошондуктан, бул жерде экономикалык ишмердүүлүк өтө эле чектелип каралат. Ал эми бул диссертациялык иште бир топ социалдык тармактардын кызматтары (билим берүү, саламаттыкты сактоо, турак-жай –коммуналдык чарбалары ж.блар.) базарда сатуулусу жана сатып алуунусу боюнча бир канча жүйөлүү пикирлер айтылган. Ошол себептен социалдык чөйрөдө да өндүрүштүк тармактагыдай эле өндүрүштүк каражаттар, эмгек предметтери пайдаланылат. Ал эми эмгектин өзү өндүрүштүк каражат болуп саналат.

Изилдөөнүн өзгөчө шарты социалдык чөйрөнүн функцияларынын бөтөнчөлүктөрүнө, анын ичинде айыл жериндеги социалдык кызмат көрсөтүүнүн сандык жана сапаттык баасына жана алардын чен бирдигин белгилөө ыкмаларына негизделген. Төмөндө автор тарабынан адамдын социалдык кызматка болгон муктаждыктарынын канааттандырылышын жана жашоо циклиндеги белгилүү учурга карата адамдын социалдык чөйрө менен болгон байланышынын көрүнүшү чагылдырган (1.1-сүрөт).




***1.1-сүрөт. Социалдык кызмат көрсөтүүдө адамдын муктаждыктарынын канаатандырылышы.***

*Маалымат булагы: Автордун жеке түзүүсү*

Жашоо циклине ылайык белгилүү бир учурда ар бир адамдын кандайдыр бир социалдык кызмат көрсөтүүгө суроо талабы жаралат. Жаралган суроо талапты түрдүү нормативдер менен чен бирдигин белгилөөгө болот (мисалы, тамак-аштын рационалдуу нормасы, турак-жай нормативдери ж.б.). Ошондой эле нормативдер менен социалдык чөйрөдөгү ар бир адамдын суроо талабынын канааттандырылышынын чегинде айырмачылыктар келип чыгышы мүмкүн. Мындан социалдык чөйрөдө пайда болгон татаалдыкка анализ жүргүзүүгө болот.

Айыл жериндеги социалдык чөйрөнүн абалына бир багытта аракеттенбеген, ар түрдүү мезгилдеги баш аламан, карама –каршы багыттагы көптөгөн факторлор таасир бере тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Ошондуктан таасирлерди жана мүмкүнчүлүккө жараша факторлорду аныктоо үчүн практикада түрдүү ыкмаларды – логикалык, эксперттик, экономикалык-математикалык ж.б. чен бирдикти аныктоо ыкмалары колдонулат.

Айыл жериндеги социалдык чөйрөнүн абалына таасир бере турган табигый-климаттык шарттан башка факторлордун арасында ал же бул айылдын экономикалык өнүгүү деңгээли, анын ичинде айыл-чарбасынын өнүгүү көрсөткүчү, айыл-чарбалык эмес өндүрүштүн өнүгүү деңгээли

негизги орунда турат. Маанилүү факторлордун катарына социалдык өнүгүүнү каржы тарабынан камсыз кылуу жана камсыз кылуучу булактары кирет. Көп түрдүү менчиктин шартында социалдык өнүгүү чөйрөсүнүн булагы катары мамлекеттен тышкары жергиликтүү өзүн –өзү башкаруу органдары жана жеке менчик ээлери кызмат көрсөтө алат.

Айылдардын социалдык өнүгүүсүнө ички жана тышкы миграция да белгилү деңгээлде таасир берет. Бул Кыргызстан үчүн эгемендүүлүк жылдарындагы негизги маселе болуп калды.

Теориялык-усулдук негизде айыл жериндеги социалдык чөйрөнү жакшыртуу багытында бул чөйрөдөгү чет өлкөлүк тажрыйбаларды изилдеп үйрөнүп, аны Кыргызстандын шартында, анын ичинде Ош облусунда пайдалануу өзгөчө мааниге ээ.

Автор айыл жериндеги социалдык чөйрөнү өнүктүрүүдө чет өлкөлүк тажырыйбаларды изилдөө менен, бул маселенин түрдүү тармагына көңүл бурган. АКШда өткөн кылымда жүргүзүлгөн жумушсуздукту кыскартуу жана калкты жумуш менен камсыз болушун жакшыртуу максатында, жаңы жумуш ордун түзүү үчүн, көп сандагы социалдык инфраструктуралык объектилерди негиздеп, калктын социалдык жактан камсыз болушуна жана жумуш менен камсыздалышына өзгөчө көнүл бургандыгына кайрылган.

Социалдык маселелердин чечилиши, барыдан мурда экономикалык маселелердин чечилишине, калктын кирешесине, инфраструктуранын түзүлүшүнө ж.б.у.с. түздөн-түз байланышта жүрөт. Бул планда Кытайдын учурдагы тажырыйбасы зор кызыгууну жаратат. Себеби, ал акыркы 30 жыл аралыгында айылдагы социалдык инсфраструктураны түзүүдө, социалдык чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акысын жогорулатууда ж.б. алгылыктуу кадамдарды жасай алды.

Европа Биримдигиндеги өлкөлөр билим берүү, саламаттыкты сактоо, илим тармагында приоритеттүү багытка бет алып, мамлекет тарабынан адекваттуу ассигновециялык каражат бөлүнүп, ар бир иште пайдалуу тажырыйбаларды жүргүзүүдө.

**Экинчи бөлүмдө** “Ош облусунун мисалында айыл жериндеги социалдык өнүгүүнүн учурдагы абалына” айыл жериндеги билим берүүнүн жана маданияттын абалына, аймактардагы саламаттыкты сактоо тармагынын өнүгүшүнө талдоо, айыл жериндеги калктын социалдык жактан корголушу жашоо турмушунун камсыздалынышындагы инфраструктараларын диагностикалоо жүргүзүлдү.

Социалдык чөйрөдөгү жетектөөчү тармактардын бири болуп билим берүү системасы эсептелет. Азыркы учурда Ош облусунда 233 бала бакча, 529 жалпы билим берүү мектеби ишмердүүлүк жүргүзүүдө. Акыркы 14 жылда мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин саны 68ден 233кө чейин өстү. Ал мекемелерде тарбияланган балдардын саны 7,1 миңден 14,7 миңге жетти, тагыраак айтканда, эки эсе жогорулады. Сандык көрсөткүчтүн мындай ыкчам өсүшү акыркы жылдардагы ар кандай мечик формаларына

таандык болгон мектеп жашына чейинки мекемелердин интенсивдүү өнүгүшү менен түшүндүрүлөт.

Ошол эле учурда жалпы билим берүүчү мектептердин саны 10 бирдикке көбөйдү. Бирок окуучулардын саны 301,7 миң адамдан 216,6 миң адамга кыскарды. Ал эми 2000-жылдагы 19,4 миң мугалимдердин саны 2013-жылга карата 18,5 миңге чейин төмөндөдү. Бул толук эмес орто (9-класс) билим алгандан кийин көпчүлүк окуучулар орто-адистик билим берүүчү окуу жайларга тапшырып, жалпы билим берүү программасы өздөштүрүү менен бирге адистик кесип алууга жасаган аракети менен түшүндүрүлөт.

Эгемендүүлүккө ээ болгон жылдар аралыгында базар мамилесине өтүү аркылуу айыл жергесиндеги жалпы билим берүү системасында, билим берүү мекемелеринде менчик формаларынын киргизилиши аркылуу көзгө көрүнөрлүк өзгөрүүлөр келип чыкты. Республикабызда аныкталган көп кырдуу менчик түрүнө байланыштуу социалдык чөйрөдө да мамлекеттик, мунициалдык жана жеке менчик түрүндөгү мектептер пайда болду. Мындай көрсөткүчтү жалпы билим берүүчү мектептерге такталган анализ жүргүзүү менен байкоого болот (таблица 2.1).

***Таблица 2.1 - Ош облусундагы жалпы билим берүүчү мектептердин 2013-жылга карата менчиктин түрү боюнча бөлүнүшү***

| **Көрсөткүчтөр** | **Облус боюнча** | **Алай району** | **Араван району** | **Кара-Суу району** | **Ноокат району** | **Кара-Кулжа району** | **Өзгөн району** | **Чоң-Алай району** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 529 | 53 | 54 | 134 | 110 | 56 | 105 | 17 |
| Мамлекеттик менчиктеги | 516 | 50 | 54 | 133 | 106 | 55 | 101 | 17 |
| Муниципалдык менчиктеги | 12 | 3 | - | 1 | 3 | 1 | 4 | - |
| Жеке менчиктеги | 1 | - | - | - | 1 | - | - | - |
| **Менчиктердин үлүшү, %** | | | | | | | | |
| Бардыгы | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| Мамлекеттик менчиктеги | 97,5 | 94,3 | 100 | 99,3 | 96,4 | 98,2 | 96,2 | 100 |
| Муниципалдык менчиктеги | 2,3 | 5,7 | - | 0,7 | 2,7 | 1,8 | 3,8 | - |
| Жеке менчиктеги | 0,2 | - | - | - | 0,9 | - | - | - |

*Маалымат булагы: Ош облусунун Статистикалык башкармалыгын маалыматынын негизинде эсептелди*

Таблицадан көрүнгөндөй эле акыркы 5 жылда облустун 4 районунда муниципалдык менчиктеги, Ноокат районунда бир жеке менчик мектеби ишмердүүлүгүн ийгиликтүү баштады. Берилген тенденцияны оң натыйжа деп эсептөөгө болот. Анткени, билим берүү системасында белгилүү деңгээлде атаандаштык мүмкүнчүлүгү жаралды жана ар бир ата-эне өзүнүн тандоосу боюнча балдарын татыктуу билим бере турган мектепке тапшырууга шарт түзүлдү. Келечекте муниципалдык жана жеке менчик мектептеринин билим берүү багытын күчөтүүгө мүмкүнчүлүктөр көп экендигин биздин анализ көрсөттү.

Аймактарда иштеп жаткан мектептерди заман талабына жооп бере турган кеңири жайылтылган иновациялык типтеги багытка профилдештирүү же кайра түзүү боюнча алгылыктуу кадам ташталды. Тагыраак айтканда, акыркы 5 жыл аралыгында облус аймагындагы 14 мектеп адистештирилген лицейлер, гимназиялар, маалыматтык, табигый-илимий багыттагы айрым предметтерди тереңдетип окутуу үчүн окуу борборлору профилдештирилип түзүлдү. Мындай мамиле окуучулардын таанып билүү ишмердигин активдештирип, окуучулардын жана алардын ата-энелеринин өз каалоосу менен максаттуу билим алууга келишине жол ачат.

Ошону менен бирге эле акыркы мезгилде билим берүү системасында прогресске жетишүүгө, билим берүү деңгэлин жогорулатууга тоскоол болгон негативдик тенденциялар да байкалат. Кыргыз Республикасында жана Ош облусунун бөтөнчөлүгүнө жараша толук кандуу билим алууга жетиштүү түрткү берүүчү шарт али түзүлө элек. Мындай көрүнүштүн бирден бир себеби катары учурда окуучулардын айрымдары жаз-күз мезгилинде айыл чарба иштеринде ата-энелерине жардам берүү максатында, убактылуу окуусун таштап иштеп кетишет. Ошондой эле үй-бүлөлүк оор кырдаалга байланыштуу каражат издеген окуучулар мепктепти бир отоло таштап көчөдөгү сатуучуларга же иш тандабай аткарган жумушчуларга айланууда. Алардын айрымдары жергиликтүү ички иштер органдарынын жашы жете электер менен иштөө бөлүмүнүн каттоосуна алынууда. Облус боюнча ар кандай себептерге байланыштуу мектепти таштап кеткен окуучулардын саны учурда 380ден ашык.

Мектеп окуучуларынын билим деңгээлинин төмөн болушунун бирден-бир себеби – айыл жергесиндеги мектептерде физика, математика, орус тили, чет тили сыяктуу предметтер боюнча квалификациялуу окутуучулардын жетишсиздиги болууда. Анткени, эмгек акысынын төмөндүгүнө байланыштуу мугалимдер билим берүүгө убактысын короткондон көрө бир аз болсо да кирешелүү тармакта алектенип күн өткөрүүнү туура көрүшөт. Көптөгөн мигранттардын жакшы жашоо издеп кетиши балдардын билим алууга болгон кызыкчылыгына терс таасирин тийгизген кошумча көйгөй жаратууда. Анткени, мигранттар балдарын акыл токтотуп, билим жана тарбия алууга адекваттуу мамиле жасай турган куракка жете элек кезинде туугандарына таштап кетишет. Натыйжада алар айланасындагы терс көрүнүштөргө тез азгырылып, билим алуу көңүл сыртында калат да, аларга керектүү көңүл бурулбайт.

Биздин изилдөөбүз айыл жериндеги жалпы билим берүүчү мектептердеги окуу процессиндеги дагы бир олуттуу маселени көрсөттү. Ал мектеп менен ЖОЖдордун ортосундагы окутуучулар кадрын даярдап чыгаруу багытындагы зарыл байланыштын жоктугу болуп саналат. Иш берүүчү менен окутуучу кадрларды даярдап сунуш кылуучу тараптын ортосундагы байланыш таптакыр үзүлгөн. ЖОЖдордо бюджеттик негизде окуган студенттер гана милдеттүү бөлүштүрүүгө барышат. Бирок бул бөлүштүрүү да конкурстук тандоосуз формалдуу түрдө жүргүзүлөт жана

алдын ала макулдашылган мындай бөлүштүрүүгө келишимдик негизде окуган студенттер катышпайт. Башкача айтканда, алар эмгек базарынан сыртта калат, ошентип айыл жеринде окутуучу кадрларга карата дефициттик шартта базар механизми иштетилбейт.

Айыл жериндеги билим берүү системасынан да начар абалага саламаттыкты сактоо системасы түшүп кеткен. Саламаттыкты сактоо мекемелеринин негизги бөлүгү шаарларга жайгаштырылган. Ал эми айыл жеринде медициналык жабдыктар, инвентарлар менен толук жабдылбагандыгына жана адистердин жетишсиздигине байланыштуу айыл жериндеги медициналык мекемелер учур талабына жараша иш алып бара албайт. Көп жерлерде совет доорунда курулган фельдшердик-акушердик пункттар, медициналык борборлор иштейт. Ошондуктан айыл жашоочулары медициналык жардам алуу үчүн шаарларга же район борборуна барууга аргасыз болушат. Айтмакчы, Ош облусундагы жети райондун үчөөнүн гана (Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат) борбору шаар болуп эсептелет.

Саламаттыкты сактоо тармагынын функциясына анализ жүргүзүү багытында ар түрдүү көз караштар бар. Көпчүлүк белгиленген тармакты медициналык мекемелердин, оорукана, поликлиника ж.б.чегинде гана карашат. Ал эми бул диссертациялык иштин автору ден сооолукту коргоо миссиясына ылайык, саламаттыкты сактоо тармагынын ишмердүүлүгүн кеңири жана тар түшүнүктө карап көрүп, башкача көз карашты сунуштайт.

Кеңири түшүнүккө ылайык саламаттыкты сактоо тармагы адистештирилген медициналык мекемелерде медициналык жардам жана кызмат көрсөтүүдөн тышкары да (бул автордун көз карашындагы тар түшүнүк) медицина адам ден соолугун жалпы коргоо баюнча кызмат кылыш керек. Адамдын ден-соолугунун жалпы корголушуна автордун пикири боюнча төмөнкүлөр кирет:

-ооруларды дарылоо;

-оорулардын алдын алуу же эскертүү;

-медициналык сунушка ылайык дене тарбия жана спорт;

-медициналык сунушка ылайык тамак-аш;

-косметика;

- жана башкалар.

Мындай ирилештирилген бөлүштүрүүгө ылайык медициналык кызмат көрсөтүүнүн сандык жана сапаттык нормативтериндеги адамдын муктаждыгын жана адамдын жашоо циклиндеги белгилүү бир учурдагы бул суроо талаптын канааттандырылган деңгээлин аныктоого болот (2.1-сүрөт).

Мындай усулдук мамиле автордун пикири боюнча маанилүү маселелердин бир тобун чечүүгө, мисалы: медициналык кызматка болгон суроо талапты аныктоого; медициналык кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу боюнча иш чара кабыл алууга; стратегиялык жана башка пландарды түзүүгө жол ачат. Бул идеянын башкы максаты саламаттыкты сактоо системасынын функционалдык ишмердүүлүгүн адамдын жашоо циклине жана анын ден

соолугун коргоо боюнча жүргүзүлө турган жалпы иш чараларга байлоо болуп саналат.




***2.1-сүрөт. Медициналык муктаждыктардын нормативдик жана иш жүзүндө канааттандырылышынын көрүнүшү***

*Маалымат булагы: Автордун жеке түзүүсү.*

Мына ушуга байланыштуу саламаттыкты сактоо чөйрөсүнө берилген айрым бир кошумча функциялар киргизилиши медицинанын маанисин жаңы тепкичке көтөрүлүүгө шарт түзөт.

Азыркы учурда Ош облусу боюнча жалпы медициналык мекмелердин саны төмөндө келтирилди (таблица 2.2).

***Таблица 2.2 - 2014-жылдын 1-январына карата Ош облусундагы медициналык мекемелердин саны***

| | Бары | | Мамлекеттик менчик | | Муниципалдык менчик | | Жеке менчик | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | % | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| Ош облусу | 344 | 100 | 304 | 88,4 | 24 | 6,9 | 16 | 4,7 |
| Алайский район | 38 | 10,5 | 32 | 84,2 | 5 | 13.1 | 1 | 0,4 |
| **Араван району** | 38 | 10,5 | 28 | 73,7 | 9 | 23,7 | 1 | 0,4 |
| **Кара-Сууй району** | 79 | 23 | 72 | 91,1 | - | - | 7 | 8,9 |
| **Ноокат району** | 54 | 15,7 | 50 | 92.6 | 1 | 0,5 | 3 | 5,6 |
| **Кара-Кулжа району** | 34 | 9,8 | 32 | 94,1 | 2 | 0,7 | - | - |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Өзгөн району** | 86 | 25 | 75 | 87,2 | 7 | 8,1 | 4 | 4,7 |
| **Чоң-Алай району** | 15 | 4,4 | 15 | 100 | - | - | - | - |

*Маамлымат булагы: Ош облусун статистка башкармалыгынын маалыматынын негизинде эсептөө жүргүзүлдү*

344 медициналык мекеменин 304ү (88,4 %) мамлекеттик, 24 (6,9 %) муниципалдык менчик, 16 (4,7 %) жеке менчик түрүндө. Саламаттыкты сактоо тармагында көп кырдуу менчик түрлөрүнүн киргизилиши бул системада атаандаштыкка алып келген рынок механизмин жаратып, калкка медициналык кызмат көрсөтүүнү жакшыртууга түрткү боло турган оң натыйжа болуп эсептелет.

Ошону менен бирге эле аймактардагы саламаттыкты сактоо системасында медициналык кызмат көрсөтүүнү уюштурууга байланыштуу чечилбеген маселелер арбын экендигин биздин изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөттү.Тагыраак айтканда, иш менен толук камсыз болбогондугуна жана кызматкерлердин легалсыз абалына ж.бларга байланыштуу медициналык камсыздандыруудан түшкөн каражат кызматкерлердин потенциалдык суммасынын 85 %нан жогорулатылбайт. Экинчи тарабынан медициналык кызмат көрсөтүү кымбатка тургандыктан, калктын жакыр катмары үчүн ал кызматтан пайдалануу мүмкүн болбой калууда. Бул бир эле учурда коомчулук үчүн салмактуу жүк болуп калууда. Башкача айтканда, медициналык дарылануунун өзү кымбатка турат, ал эми дары-дармектер республиканын көпчүлүк калкынын сатып алууга чамасы жетпей турган өтө эле кымбат баада чет өлкөлөрдөн алынып келинет. Мындан аймактарда жашаган калктын жакырчылык деңгээлин көрүүгө болот (таблица 2.3).

***Таблица 2.3 - Кыргыз республикасынын жана анын аймактарынын 2008-2012-жылдар аралыгындагы жакырчылыктын салыштырма көрсөткүчү***

| **Катар №** | **Аймактар** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **пайыздык катыш менен** | | | | **млн. сом менен** | | | |
| **1** | Баткен облусу | 25,4 | 11,5 | 14,0 | 12,2 | 690 | 345 | 432 | 375 |
| **2** | Жалал-Аб. Облусу | 20,2 | 14,0 | 14,1 | 11,4 | 246 | 949 | 993 | 991 |
| **3** | Ысык-Көл облусу | 25,9 | 19,3 | 15,4 | 14,5 | 754 | 607 | 496 | 502 |
| **4** | Нарын облусу. | 32,8 | 28,3 | 26,5 | 18,7 | 579 | 548 | 529 | 512 |
| **5** | Ош облусу | 18,1 | 17,4 | 16,3 | 13,1 | 1515 | 1602 | 1554 | 1560 |
| **6** | Талас облусу | 29,4 | 23,0 | 18,6 | 12,8 | 415 | 355 | 297 | 286 |
| **7** | Чүй облусу | 7,4 | 7,2 | 6,3 | 4,0 | 402 | 407 | 360 | 368 |
| **8** | Бишкек ш. | 8,0 | 6,0 | 6,4 | 3,2 | 428 | 346 | 377 | 335 |
| **Республика боюнча** | | **17,7** | **13,9** | **13,2** | **9,4** | **6030** | **5160** | **5039** | **5003** |

*Маалымат булагы: «Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы» жыйнагы боюнча эсептелинди, Б., 2013-ж., 68-бет*

Таблицада берилген маалыматта көрүнгөндой эле Ош облусундагы жакырчылык деңгээли акыркы жылдары төмөндөгөнүнө карабай, жакырчылыктан орточо деңгээли жалпы республикага салыштырмалуу жогору турат.

Жүргүзүлгөн анализде айыл жергесинин жашоочуларынын социалдык абалынын жетишкен деңгээли үчүн Ош облусунун мисалында социалдык жактан камсыздандыруу чөйрөсүнүн инфраструктурасынын диагнозу жана айыл жашоочуларынын социалдык жактан камсыз болушу өзгөчө мааниге ээ. Мына ушуга байланыштуу автор социалдык чөйрөнүн инсфраструктурасынын эсебинен, анын ичинде жалпы кабыл алынган түшүнүккө кошумча социалдык инсфраструктурага билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият чөйрөлөрүндө өндүрүштүк социалдык кызмат көрсөтүүгө шарт түзүү үчүн керектелген имараттар, курулуштар ж.б.у.с. элдин жашоо ишмердиги үчүн керек болгон турак-жай ж.б. шарттар да кошулат деген түшүнүктү киргизет. Мунун өзү социалдык инфраструктура элдин жашоо ишмердигинин жыйындысы менен адамдын социалдык өнүгүүсүн камсыз кылат деген түшүнүккө негизделет.

Мына ушуга байланыштуу айыл жашоочусунун жашоо аянты шаар тургундарынын жашоо аянтына салыштырмалуу чоң, бирок жашоого ыңгайлуугу айыл жеринде шаарга караганда бир топ төмөн экендиги Ош облусунда байкалганын изилдөөдө айкындалган. Көптөгөн айылдар борбордон алыс, алардын 70%дан көбүнүн жолу шагыл, айылдагы үйлөрдө ысык суу, газ, канализациядан башка дагы көп нерселер жетишпейт. А түгүл Кара-Суу Ноокат, Араван райондорунун көпчүлүк айылдарына ичүүчү таза суу атайын адистештирилген транспорт менен ташылып келет.

Элдин жашоо турмушунун камсыздалышынын инфраструктурасынын изине түшүү ал же бул аймактын жашоочуларынын социалдык жактан камсыздалышына анализ жүргүзүүгө белгилүү деңгээлде кызыгууну жаратат. Мисалы, Ош облусунунун пенсия менен камсыз кылуу структурасы жана анын акыркы үч жылдагы орточо көлөмү төмөнкүдөй көрсөткүчтө (таблица 2.4).

***Таблица 2.4 - Ош облусундагы пенсионерлердин структуралык бөлүнүшү жана пенсиянын орточо көлөмү (сом)***

| **Көрсөткүчтөр** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|
| Бардык пенсионерлер (миң адам) | 100 | 100 | 100 |
| анын ичинен аялдар | 58,9 | 60,2 | 59,5 |
| анын ичинде жаш курагы боюнча пенсия алуучулар | 76,6 | 76,4 | 75,7 |
| майыптыгы боюнча | 11,8 | 11,8 | 12,1 |
| багуучусун жоготкондугу боюнча | 10,7 | 10,8 | 11,3 |
| аскер кызматында иштегендер | 0,74 | 0,66 | 0,65 |
| өзгөчө эмгеги үчүн | 0,19 | 0,19 | 0,19 |
| Бир пенсионерге туура келген пенсиянын орточо көлөмү | 3670 | 3985 | 4212 |

*Маалымат булагы: Ош облусунун социалдык фондунун маалыматтарынын негизинде автордун эсептөөсү*

Облуста жашоочулардын 8,6 %ы пенсионерлер категориясына кирет. Пенсиянын орточо көлөмү өсүү тенденциясына ээ. Бирок пенсиянын суммасы жашоо үчүн зарыл болгон каражаттын минимумуна байланыштуу татыктуу турмуш кечирүүгө жетишсиз бойдон калууда. Мындан тышкары жыл сайын баалардын жогорулап турушу, биринчи кезекте азык-түлүк, тамак-ашка болгон баанын өсүшү, АКШ долларына карата сомдун курсунун туруктуу түшүшү жана инфляциялык процесс пенсионерлердин жашоо деңгээлине терс таасирин тийгизүүдө.

Түрдүү себептерге байланыштуу эмгектенүү жөндөмүнөн ажыраган жарандарга пособия берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамындагы жоболорго ылайык жүргүзүлө турган акция. Бирок Ош облусу үчүн пособия жана жардам көрсөтүүгө муктаждыкты тастыктаган иш кагаздарды толтуруу, пособия алуучу тараптын ден-соолугуна байланыштуу медициналык кароодон өтүү сыяктуу уюштуруу иштериндеги маселелердин чечилиши оңойго турбайт. Ошондуктан, мурдагыдай эле ал же бул себептерге байланыштуу жарандардын арыз-даттануулары арбын. Анын арасында пособия төлөнүшүнө аныктаган иш кагаздарды толтура турган расмий органдардагы бюрократиялык көрүнүштөрдүн арбындыгы да кирет.

**Үчүнчү бөлүмдө** "Айыл жеринде социалдык өнүгүүнү жакшыртуу жолдору" каралып, айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүнүн материалдык базасын чыңдоонун негизги багыттары; айыл жериндеги билим берүү жана саламаттыкты сактоо системаларын жакшыртуу жолдору; айыл жеринде жашагандарды социалдык жактан камсыз кылууну жүзөгө ашыруучу векторлорду белгилөө саналат.

Айыл жергесиндеги өзгөчөлүктө социалдык чөйрөнү максатсыз жана социалдык чөйрөнүн материалдык-техникалык базасын туруктуу башкаруусуз өнүктүрүү мүмкүн эмес. Материалдык база билим берүү, медициналык, социалдык-маданий жана башка тармактардын кызмат көрсөтүү негизи катарына эле кирбестен, социалдык чөйрөнүн кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу да болуп саналат. Учурдагы окутуучу же дарыгер өзүнүн профессионалдык ишмердигин жаңы технологияларды жана заманбап окутуу, дарылоо каражаттары менен жабдылган жаңы техникаларды пайдалануу менен жүргүзөт.

Ош облусундагы социалдык чөйрөдөгү мекемелер үчүн жакынкы келечекте карала турган шарт социалдык өнүгүү чөйрөсүндөгү материалдык базаны бекемдөө болуп саналат. Ошон үчүн бул жерде окуу жайларынын же медициналык мекемелердин имараттарынын жаңы курулушу же реконструкциялоо боюнча эле сөз жүрбөй, иштеп жаткан объектилердин жаңы технологиялар жана заманбап техникалык жабдыктар менен жабдуу маселеси да каралган.

Автор материалдык базанын учурдагы абалына жана пайдалануу деңгээлине жүргүзгөн анализинин негизинде, социалдык чөйрөнүн материалдык базасын бекемдөө үчүн кийинкиге калтырбай турган иш

чараларды жүзөгө ашыруу керек деген тыянакка келет. Алардын арасынан төмөнкүлөрдү бөлүп алууга болот.

Жаңы объектилерди куруу жана медициналык мекемелердин, билим берүү тармагынын материалдык базасын бекемдөө үчүн, барыдан мурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каржы линиясынан жана чет өлкө тарабынан инвестиция тарта турган шарт түзүү зарыл. Иш коммерциялык же коммерциялык эмес мүнөзгө ээ экендигине карабай, ар кандай материалдык базаны түзүүгө жумшалаган инвестиция долбоордун турмушка ашырылыш зарылдыгын далилдеп, ал тыкыр негизделиши керек. Аймактык органдардын бирден-бир кемчилиги социалдык чөйрөнүн ал же бул объектисинин курулушу боюнча сурамжылоону көп учурда чектеп койгондугунда. Ал эми тереңдетип кайра иштетүү багытында долбоорлоо жүргүзүшпөйт. Ошондуктан, долбоорлоо оңой акчага турбагандыгын, ал эми калкка сурамжылоо менен кайрылуу эч кандай жопкерчилик жүктөбөй тургандыгын көп учурда шылтоо кылышат. Ага карабай заманбап менеджмент маселени тереңдетип түшүнүүнү, материалдык базаны бышыктоодо барыдан мурда пайдалануучу тараптан негизделишин талап кылат.

Материалдык базаны бекемдөөнүн кийинки маанилүү багытты болуп жеке ишкерлер менен мамлекеттин ортосунда өнөктөштүктү өнүктүрүү болуп саналат. Мындай иш чаралар прогрессивдүү багыттардын бири. Анткени, социалдык чөйрөнүн объектиси үчүн жеке ишкерлерден инвестиция тартылат, ал эми социалдык кызмат көрсөтүүнүн түзүлүшү боюнча жалпы усулдук жетекчилик билим берүү жана саламаттыкты сактоо министрликтери сыяктуу мамлекеттик органдар тарабынан турмушка ашырылат .Дал ушундай багытта Ош шаарында акыркы 5 жыл аралыгында бир канча жеке менчиктеги медициналык борборлор: “Ош кардио”,”Азия кардио” ж.б.у.с. ачылып, ийгиликтүү иштеп жатышат жана алардын кызматынан айыл жергесинин эли кеңири пайдалана алышат.

Жеке менчик кызматы билим берүү чөйрөсүндө да, айрыкча, жеке менчик эсебиндеги мектепке чейинки билим берүү мекемелерде жана башталгыч мектептерде көрсөтүлөт. Республика социалдык чөйрөнү каржылоо багытында муктаждыгы курч болуп турган учурда жеке менчик түрүнүн мындай кызмат көрсөтүшү зарыл учурлардын бири. Ошондон улам айыл жеринде жеке менчик ээлери менен мамлекет ортосундагы өнөктөштүк татыктуу өнүгүү жолун табат деген ойдобуз.

Социалдык чөйрөнүн материалдык базасын өнүктүрүүнүн дагы бир багыты - жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын бул маселени колго алышына байланыштуу. Муниципалдык менчик жергиликтүү бийлик органдарынын функцияларынын негизи катары өнүгүүнүн баштапкы стадиясында турат. Автордун көз карашы боюнча жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу (айыл өкмөтү, мэрия) органдарынын карамагындагы аймактарда укуктук мекемелерди түзүп, аймактык кирешени күчөтүү үчүн дагы башка шарттарды жаратып, кирешенин бир бөлүгү социалдык чөйрөнү өнүктүрүүгө жумшалышы керек.

Тилеке каршы, азыркы учурда мыйзам актыларында, ошондой эле практикада мындай түшүнүк – аймактык киреше жөнүндө жергиликтүү органдардын жеке экономикалык ишмердүүлүк түшүнүгү жокко эсе. Мисалы, айыл өкмөтү аймактык билим берүү тармагынын экономикасына жооп беребейт, алар болгону жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүн, чыгымын жана мекемелердин ижара акысын аныктайт.

Айыл жергесиндеги социалдык чөйрөнүн материалдык базасын бекемдөөдө жергиликтүү потенциалды, анын ичинде жергиликтүү ресурстарды, өндүрүштү жана курулуш материалдарын, жергиликтүү элдин ыкмаларын, тажырыйбаларын, ашар жолу менен иштөө сыяктуу коомдук иштерди уюштуруу салттарын ж.б.у.с. эффективдүү пайдалануу өзгөчө мааниге ээ.

Коомдук социалдык чөйрөнүн анын ичинде билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактарынын экономикалык маселеси медициналык жана билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжасына берилген баа, ошондой эле рынок мамилесинин жайылтылган баскычы болуп саналат. Мурдагыдай эле социалдык чөйрө – негизинен, өндүрүштүк эмес чөйрө, ошондуктан, анын кызмат көрсөтүүсү товар өндүрбөйт, ал эми мекеменин ишмердүүлүгү коммерциялык мүнөзгө ээ эмес деген пикирлер бар. Албетте, бул чындык, бирок айрым бөлүгү гана.

Ырасында мамлекеттик бюджеттен каржыланган жалпы билим берүүчү мектептерде, медициналык мекемелерде жана маданият мекемелериндеги аткарылган иштердин жыйынтыгы билим берүү, дарылоо түрү сатып алынбайт жана сатылбайт. Демек, ал товар болуп эсептелбейт. Социалдык чөйрөгө таандык мекеме-уюмдардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасына берилген баа ал мекемелердин кандай иши коомдун суроо талабын канаатандырган болсо, ошого жараша берилет. Мисалы, жалпы билим берүү мектеби билим берүү жана илим министрлиги тарабынан түзүлгөн программа боюнча билим берүү талабын кандайдыр бир ченде аткарат.

Ал эми жогорку мектептерде жана жеке менчик клиникаларында билим берүү жана дарылоо кызмат көрсөтүү болуп саналып, сатылышы жана сатып алынганы башка иш. Бул кызмат көрсөтүүнүн түрү товар болуп саналат. Ошондуктан, бул чөйрөдө толугу менен рынок мамилесин пайдалануу керек.

Диссертант айыл жериндеги социалдык чөйрөнүн канааттандырарлык эмес абалынын кемчилигин окуу жайлар менен иш берүүчү тараптардын ортосунда, ошондой эле медициналык мекемелер менен медициналык кызматты пайдалануучулардын оросунда  рынок мамилесинин өнүкпөй жаткандыгынан көрөт.

Ошондой эле жогорку билим берүү чөйрөсүндө үч илтикте (абитуриенттер, студенттер, ЖОЖду бүтүрүүчүлөр менен иш берүүчүлөрдүн ортосундагы байланыш) бүгүнкү күндө үчүнчү звено, тагыраак айтканда, бүтүрүүчү менен иш берүүчүнүн ортосундагы байланыш иштебейт.Бул багытты бышыктоо үчүн мамлекет тарабынан эч кандай иш чара каралган эмес. Ошол себепке байланыштуу ЖОЖдор, мекеме-уюмдар, мектептер

менен укук коргоо органдары ж.б.у.с. карым-катыш болбогондугуна байланыштуу бюджеттик орундан окуп бүтүргөндөн башка бүтүрүүчүлөр жумуш орду менен камсыздандырылбайт. Бул өз учурунда жаш адистердин арасындагы жумушсуздук катары жалпы коомго түйшүк жаратып, коомдун тең салмактуулугун сактаган каражатын жоготот.

Жалпы билим берүү системасын жакшыртуунун натыйжалуу жолунун бири уюуштуруу иш чаралары, анын ичинде мамлекеттик программанын аткарылышынын алкагындагы коомдун түзүлүштүн максатына жараша жана окуучулардын окууга болгон жөндөмүнө ылайык окуучулардын структурасын аныктоо болуп саналат. 9-класстан кийин окуучулардын жөндөмүнө жараша билим берүүнү ал же бул ,багыт боюнча адистештирип жүргүзүү жана орто-адистик берүү менен бирге окутуу чөйрөсүн кеңейтүү азыркы учурдун зарыл маселеси экендиги талашсыз. Мындан тышкары мугалимдердин өндүрүштүк эмгегине түрткү берүү үчүн, айрыкча, айыл жергесиндеги мугалимдердин эмгек акысын жогорулатуу, белгилүү деңгээлде алардын турмуш шартын жакшыртуу жана моралдык жактан түрткү берүү аркылуу мугалимдердин коомдогу кадыр - баркын көтөрүүгө болот.

Айыл жергесиндеги саламаттыкты сактоо чөйрөсүнө таандык маанилүү иш чаралар болуп төмөнкүлөр саналат:

- калк арасында медициналык-санитардык агартуу иштерин атайын даярдалган баракчалардын, интернеттин жана маалымат каражаттарынын жардамында пропагандалоо аркылуу күчөтүү;

- калктын, өзгөчө балдардын жана энелердин туура тамактанышын медицина сунушунун негизинде уюштуруу;

- оорулардын алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүү жана мүмкүнчүлүккө жараша оорулардын алдын алуу иштерин жүргүзүү;

-калкты дене тарбияга, спортко ж.б.у.с.пайдалуу тармакка тартууну кеңейтүү.

Айыл жергесине жайгашкан медициналык мекемелердин негизги ишмердүүлүгү болуп, кадрлык толуктоону жүргүзүү, мезгил-мезгили менен ал кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, алдыңкы жана тажырыйбалуу дарыгерлердин жетишкен ыкмаларынын базасында дарылоонун жаңы ыкмаларын үзгүлтүксүз жайылтып туруу болуп саналат.

Айыл жериндеги социалдык өнүгүү багытында калктын социалдык жактан камсыздандыруунун жүзөгө ашырылышы негизги ролду ойнойт. Бул процесстин өзгөчө белгиси болуп, бул процесстин негизги жүгү мамлекетке тагылгандыгы болуп саналат. Эмгекке жарамсыз курактагы жарандардын, ошондой эле ар кандай себептер менен эмгектенүү жөндөмүнөн ажыраган жарандардын объективдүү жана адилет камсыздоого алуу – бул мамлекеттин укугу жана милдети экендиги түшүнүктүү. Аны жүзөгө ашыруу үчүн мамлекет ар кандай механизмдерди пайдаланып, мыйзамдарды жана нормативдик-укуктук жоболорду иштеп чыгат.

Жарандарды социалдык жактан камсыздандыруунун негизин курак жашына жана узак жылдар бою үзгүлтүксүз эмгектенгендиги үчүн төлөнгөн пенсия түзөт. Майыптарга жана башка себептерге байланыштуу жөлөк пул төлөө чени, башкача айтканда, пенсиянын бул түрүнүн чени төмөнкүдөй эки негизге карата аныкталат: биринчи кезекте, ар бир жумушчунун же кызматкердин пенсия фондуна кошкон салымына аныкталат. Башкача айтканда, ар бир адам жумушка жарамдуу учурунда иш берүүчү тарап аркылуу, ошондой эле жеке өзү киреше салыгын төлөө аркылуу мамлекеттин коомдук фондуна салым кошо алат. Пенсияга чыгуу учурунда ал салымдын бир бөлүгү пенсия көлөмүн аныктоочу негиз болуп саналат; ал эми экинчиси пенсия чегерүү жөнүндө Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган эрежеге көз каранды.

Жогоруда белгиленгендей эле ар бир адамдын пенсия фондуна кошкон салымы канчалык көп болсо, анын пенсиясынын көлөмү ошончолук жогору болот. Бирок айыл жергесинде жашаган калк үчүн эгемендүүлүккө ээ болгон жылдар аралыгында үй-бүлөө кирешесинин жашоо-турмушунун зарылдыгын камсыз кылуу багытында, ошондой эле пенсия чегерүү учурунда бир топ татаалдыктарга туш келүүдө. Көп түрдүү формадагы менчик түрлөрүнүн келип чыгышына, чарбалык мекемелердин кайра түзүлүшүнө, тагыраак айтканда, мурдагы колхоз жана совхоздордун ордуна бир нече фермердик жана дыйкан чарбалардын түзүлүшү, айыл калкынын кирешесинин кескин төмөндөшүнө, жакырчылыктын күч алышына жана айылдардан миграциялык агымдын күчөшүнө алып келди. Бул учурда калктын жакыр катмары чарбалардын кайра түзүлүшүнө жана рынок мамилесине өтүүгө байланыштуу эмес, өткөөл мезгилде өндүрүштү эффективдүү уюштуруу үчүн жана өндүрүлгөн продукцияны сатууга, ошондой эле айылдык эмгекчилердин өндүрүштүк эмгегин пайдаланууга керектүү шарт түзүлбөгөндүгүнө байланыштуу жакырчылыкка туш келишти. Республиканын аймактарындагы жумушсуздук боюнча салыштырмалуу маалыматты карайбыз (таблица 3.1).

***Таблица 3.1* - *Аймактар боюнча 2009-2013 жылдардагы атайын каттоодо турган жумушсуздардын саны (адам)***

| Катар № | Аймактар | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2013/2009-ж. с. (% к.-м.) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Баткен обл. | 5864 | 5482 | 5697 | **5563** | 5354 | 91,3 |
| 2 | Ж-Аб. обл. | 14676 | 13401 | 11688 | 12305 | 12334 | 84,1 |
| 3 | Ыс-Көл обл. | 4629 | 4510 | 4379 | 3938 | 4152 | 89,7 |
| 4 | Нарын обл. | 6672 | 6560 | 6462 | 6580 | 6362 | 95,6 |
| 5 | Ош облусу | 12918 | 13155 | 12453 | 12165 | 11362 | 87,9 |
| 6 | Талас обл. | 2123 | 2253 | 2312 | 2252 | 2143 | 100,9 |
| 7 | Чүй облусу | 6563 | 6192 | 6093 | 5904 | 5779 | 88,1 |
| 8 | Бишкек ш. | 6522 | 9861 | 9667 | 9314 | 8533 | 130,8 |
| 9 | Ош шаары | 1412 | 1989 | 2373 | 2446 | 2378 | 168,4 |
| **Республика боюнча** | | **71267** | **61379** | **81313** | **60467** | **58397** | **81,9** |

*Маалымат булагы: «Кыргызстан цифраларда» жыйнагы боюнча эсептелди, Б, 2013-ж., 338-бет*

Берилген таблицада көрсөтүлгөндөй эле Ош облусунда жумушсуздуктун кыскара баштаган тенденциясы байкалат. Бирок расмий маалыматтарда ар дайым эле реалдуу чындыкты чагылдырып бербейт, айыл жергесинде ачык айтылбаса да учурда жумушсуздук кеңири жайылган. Ошондуктан, жакшы жашоо издеп айылдан кетип жаткан калктын саны азайган жок.

Буга кошумча дагы бир маселе, айыл жашоочуларынын киреше тармагынындагы татаалдык, ал эми айрым көрсөткүчтөр өз кезегинде калктын пенсиясы үчүн негиз катары кызмат кылышы мүмкүн. Анткени, айрым маалыматтарга караганда миллиондун тегерегиндеги жарандар миграциялык агым менен чет өлкөгө кетишкен, мигранттардын басымдуу бөлүгү Россия Федерациясында жана Казахстанда жашашат. Алардын жарымынан көбү эмгекке жарамдуу куракта. Мына ушуга байланыштуу жарандар менен мамлекеттин ортосундагы карым-катыш пенсия менен камсыздандыруу боюнча эле эмес жашоо-тиричиликти камсыз кылуу багытындагы башка маселелер боюнча да татаалдыктарга туш келүүдө.

Мындан тышкары айыл тургундары өткөн кылымдын токсонунчу жылдарындагы айыл чарбаларынынын кайра түзүлүшү жана менчиктештирүү учурунда ээ болгон жер үлүшү коомдук иш менен камсыз болгон деп эсептелет. Мына ушуга байланыштуу эле айыл чарба продукцияларын сатууда зарыл болгон эсеп-кысаптын жетишсиздигинен жана айыл чарба продукциясын сатуу формасынын жоктугунан калктын кирешесин аныктоо багытында татаалдыктар жаралат.

Булардын баарын эске алуу менен бул ишке республикабыздын ЕАБга кошулушу айыл чарба продукциясын сатууга жагымдуу шарт эле түзбөстөн, айыл жашоочуларынын үй-бүлөлүк бюджетинин киреше бөлүгүнө бир топ пайдалуу шарт бирге түзүлөт деген болжолдуу пикир киргизилди.

## Корутунду жана сунуштар

Айыл жергесинин социалдык өнүгүү аспектисине, аймактагы бул процесстин диагностикасына, ошондой эле айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүсү боюнча иштелип чыккан сунуштарга жүргүзүлгөн теориялык-усулдук изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй корутунду чыгарууга жана сунуш киргизүүгө болот:

**1.** Изилдөө көрсөтүлгөн айыл жашоочуларынын социалдык жактан өнүгүшү мамлекеттин, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана жергиликтүү коомчулуктун негизги маанилүү маселеси экендигин көрсөтүп турат. Азыркы шарттагы жалпы калктын үчтөн эки бөлүгү жашаган республиканын айыл жергесиндеги калктын жашоо шартынын төмөндүгү, социалдык базанын алсыздыгы, социалдык инфраструктуранын өнүкпөгөндүгү сыяктуу татаалдыктарга туш келүүдө. Ал татаалдыктардын айрым бөлүгү социалдык өнүгүүнүн ролу жөнүндөгү теориялык жобонун начар иштелип чыгышы жана социалдык чөйрөдөгү мекемелердин

ишмердүүлүгүндө ал натыйжаларды практикада колдонулушунан келип чыгат. Ошондуктан, социадык чөйрөнүн ролун өндүрүштүн өзгөчө бир бөлүгү жана социалдык кызмат көрсөтүүнүн суроо талабы катары тактоо зарылдыгы келип чыгат. Ошондуктан, автор билим берүү жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү социалдык кызмат көрсөтүүнү товар катары таанып, аларга карата жасалган мамиледе толугу менен рынок механизмдерин пайдаланууга укуктуу деп эсептейт.

**2.** Айыл жериндеги социалдык өнүгүү чөйрөсүнө түрдүү багытта аракеттенген көптөгөн факторлор таасирин тийгизет. Алардын айырмачылыктары таасирин тийгизген учурга, түзүлүш ордуна ж.бларга карата таасир берүү деңгээли аныкталат. Алардын ичинен маанилүү болуп төмөнкүлөр эсептелет: табигый-климаттык шарт жана калктын жайгашкан орду; айыл чарбасынын өзгөчөлүгүнө карата айыл жергесиндеги өндүрүштүн ишмердүүлүгү; ички жана тышкы миграция; калктын кирешеси; социалдык чөйрөнүн материалдык-техникалык базасы ж.блар.

**3.** Айыл жергесиндеги социалдык чөйрөнү теориялык жана практикалык жактан өнүктүрүү планында чет өлкөлүк тажрыйбаларды изилдеп үйрөнүү жана аларды Кыргыз Республикасынын аймактарынын шартындагы социалдык өнүгүү чөйрөсүнө ылайыкташтырып аларды пайдалануу өзгөчө мааниге ээ. Анткени, өнүккөн жана өнүгүү жолундагы өлкөлөрдүн натыйжалуу тажрыйбалары менен көз карандысыз мамлекеттердин тажрыйбалары сөзсүз түрдө айырмаланат. Ошондуктан, социалдык өнүгүү деңгээлин камсыз кылуу максатында, АКШнын, Канаданын, ЕБ өлкөлөрүнүн социалдык чөйрөгө тартуу жана айыл чарба өндүрүшүнө колдоо көрсөтүү багытындагы тажрыйбаларына өзгөчө көңүл бурулат. КЭРдин айыл жергесиндеги билим берүү жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүн өүнктүрүүгө багыталган социалдык программасын, биздин өлкөнүн шартында карап чыгуу белгилүү деңгээлде кызыгууну жаратат. Россия менен Казахстандын пенсия менен камсыз кылуу жана майыптарга, ошондой эле көп балалуу энелерге пособия чегерүү тажрыйбасы пайдалуу мисал боло алат.

**4.** Аймактагы айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүнүн жетишээрлик деңгээлин талдоо бир катар көйгөйлөрдү жана чечилбеген милдеттенмелерди ачып берди.

Мында барыдан мурда айыл жергесиндеги социалдык чөйрөнү жүзөгө ашыруу резервдери төмөнкүлөр менен байланыштуу:

- билим берүнүн оптималдуу структурасынын табылышы, мектептердин материалдык-техникалык базасынын чыңдалышы, мугалимдердин эмгегине түрткү берилиши жана билим берүү сапатынын жогорулатылышы, ошондой эле мөөнөтү, билим берүү багыты боюнча окуу процессинин эффективдүү уюштурулушу;

- айыл жергесиндеги саламаттыкты сактоо чөйрөсүндөгү медициналык мекемелердин материалдык базасынын чыңдалышы, медициналык мекемелердин квалификациялуу кадрлар менен толукталышы, эффективдүү дарылоонун уюштурулушу, ден-соолукту чыңдоо багытында дене тарбиялык

иштердин өткөрүлүшү, тамактануу маданиятынын өркүндөтүлүшү, ошондой эле алдын алуу иштеринин жүргүзүлүшү;

- социалдык жактан камсыздандыруу багытындагы маселелер, негизинен, пенсия менен камсыздандыруунун жана майыптарга бөлүнгөн жөлөк пулдун деңгээли төмөн экендигине байланыштуу. Социалдык жактан камсыздандыруу багытындагы дагы башка татаалдыктар айыл тургундарынын жумушсуздугунан, жумушсуздардын саны арбын экендигинен, ошондой эле Ош облусундагы айыл калкынын жакшы жашоо издеген миграциялык агымынын салыштырмалуу активдүлүгүнөн келип чыгат;

**5.** Айыл тургундарынын социалдык өнүгүүсү бул чөйрөнүн материалдык-техникалык базасынын чыңдалышынан көп учурда көз каранды. Автор муну үч багытка байланыштырат. Биринчиден, мамлекеттик линия боюнча билим берүү, саламаттыкты сактоо жана маданият тармактарынын курулушуна жана иштеп жаткан объектилерин реконструкциялоого каржылоону күчөтүү эсебинен. Бул учурда айыл жергеси, калк жайгашкан орду боюнча бири-биринен алыс аралыкка жайгашкандыгы, алардын айрымдары борбордон алыс экендиги эске алынат. Ошондуктан, ыгым-чыгымды эске алуу менен социалдык кызмат көрсөтүү жана инфраструктуралык кызмат көрсөтүүнүн оптималдуу варианты тандалышы зарыл. Экинчиден, социалдык чөйрөдө жеке менчик ээлери менен мамлекттин өнөктөштүгүн өркүндөтүү керек. Бул учурда жеке менчик билим берүү мекемелери жана жеке менчиктеги медициналык мекемелер өндүрүшү жана кызмат көрсөтүү багыты минималдык деңгээлде мамлекет менен макулдашылып, билим берүүнүн жана дарылоонун жалпы стандарттарынын бөлүгүн сактап, жеке ишкердик чөйрөсүнө жана социадык чөйрөнүн кызматкерлерине түрткү бериши керек (салыктардан бошотуу ж.б.).Үчүнчүдөн, социалдык чөйрөнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын эсебинен, жергиликтүү ресурстарды рационалдуу пайдалануу жана бийликтин жергиликтүү органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жүзөгө ашырылышы керек.

**6.** Билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемелеринин эффективдүү иш алып барышы көп учурда окуу пароцессинин туура уюштурулушуна, элди дарылоого эле эмес, өз учурунда прафилактикалык-ден-соолукту чыңдоо иш чараларын өткөрүүгө, тамактануу маданиятын өнүктүрүүгө, айыл тургундарын дене тарбия жана спорттук иш чараларга тартуу жөндөмүнө көз каранды. Ошол эле учурда социалдык чөйрөдөгү эмгекке түрткү берүүдө негизги маани социалдык чөйрөдө эмгектенген кызматкерлердин айлык акысын жогорулатуу менен чектелбей, эмгектин өндүрүмдүүлүгүнө да басым коюлушу зарыл экендигин белгилей кетишибиз керек.

**7.** Айыл жергесиндеги социалдык жактан камсыздандыруунун эффективдүлүгүн жогорулатуу максатында пенсиянын базалык бөлүгүн жумушту рационалдуулукка жеткирүү эсебинен көбөйтүү, үй-бүлө

кирешесин жогорулатуу, ошондой эле калктын миграциялык агымын кыскартуу керек. Буларды жүзөгө ашыруу үчүн айыл эмгекчилеринин пенсия фондусунун базалык бөлүгүнө салым кошуусун турмушка ашыруу зарылдыгы маанилүү экендиги белгиленет. Муктаж болгондорго аналогиялык ченде жөлөк пул бөлүштүрүүнү уюштуруу керектелет.

## Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектер


1. **Арынова, Н.С.** Айыл жеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө таасир этүүчү факторлор [Текст] / Н.С. Арынова, Ч.К. Райымбаев // Наука и новые технологии. - 2012. - № 2. - С. 157-159.
2. **Арынова, Н.С.** Жумушсуздук менен күрөшүү - социалдык өнүгүүнүн жакшыртуунун негизги багыты [Текст] / Н.С. Арынова, Ч.К. Райымбаев // Экономика. – 2012. - № 3 (13). - С. 93-97.
3. **Арынова, Н.С.** Особенности социального обеспечение в регионах [Текст] / Н.С. Арынова, Ч.К. Райымбаев // Современное государство: проблемы социально-экономического развития: матер. межд. научно-практ. конф. – Саратов, 2013. - Ч.2. - С. 73-79.
4. **Арынова, Н.С.** Система финансирование социального обеспечение в Кыргызской Республике [Текст] / Н.С. Арынова, Ч.К. Райымбаев // Проблемы функционирования предпринимательских структур в условиях перехода на инновационный путь развития: матер. межд. научно-практ. конф. - Воронеж, 2013. – Ч.1. - С. 289-293.
5. **Арынова, Н.С.** Пути снижение безработицы в сельском хозяйстве [Текст] / Н.С. Арынова, О.Э. Абдрахманов // Экономика и статистика. - 2013. - № 2. - С. 43-46.
6. **Арынова Н. С.** Айыл жериндеги социалдык инфраструктуралардын бүгүнкү күндөгү абалы [Текст] / Н. С. Арынова // Экономический вестник. - 2013. - № 4. - С. 33-38.
7. **Арынова, Н.С.** КМШ өлкөлөрүнүн социалдык өнүгүүсүнүн тажырыйбалары [Текст] / Н.С. Арынова, Ч.К. Райымбаев // Экономика и статистика. - 2014. - № 1. - С. 55-59.
8. **Арынова, Н.С.** Айыл жеринин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн укуктук жана уюштуруучулук нормалары [Текст] / Н.С. Арынова // Экономика и статистика. - 2014. - № 1. - С. 35-39.

**Арынова Наргиза Сапаралиевнанын «Айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн көйгөйлөрү (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» деген темадагы 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

**РЕЗЮМЕСИ**

***Түйүндүү сөздөр:*** айыл жеринин социалдык өнүгүүсү, социалдык чөйрө, аймактын социалдык өнүгүүсү, социалдык инфраструктура, социалдык мобилизация, пенсиялык камсыздоо, калкты социалдык коргоо, саламаттыкты сактоонун абалы, билим берүү системасынын деңгээли.

***Изилдөө объектиси*** болуп, Кыргыз Респуликасынын Ош облусунун чегиндеги айыл жерлеринин социалдык өнүгүүсүнүн көйгөйлөрү, аймактын жалпы өнүгүүсү саналат.

***Изилдөөнүн предмети*** болуп, айылдардын социалдык өнүгүү көйгөйлөрү жана аны жакшыртуунун жолдору саналат.

***Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери*** болуп, азыркы экономикалык теориянын жоболору, нормативдик документтер жана мыйзамдык актылар, статистикалык маалыматтар, изилденип жаткан көйгөй боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк экономисттердин эмгектери саналды.

***Алынган жыйынтыктар.*** Айыл жеринин социалдык өнүгүүсүнүн мааниси жана мазмуну ачып берилди, айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүгө таасир этүүчү факторлорду аныкталды, айыл жергесиндеги социалдык өнүгүү багытындагы эл аралык тажырыйбалар изилденди, Ош облусундагы айыл жерлериндеги социалдык өнүгүү абалына жана тенденциясына анализ жүргүзүлдү, айыл жергесиндеги социалдык өнүгүүнүн материалдык базасын чыңдоонун негизги багыттаы аныкталды, айыл жериндеги билим берүү жана саламаттыкты сактоо системаларын жакшыртуу жолдору иштеп чыгылды, айыл жашоочуларын социалдык камсыздандырууну жүзөгө ашыруудагы векторлорду белгиленди.

***Пайдалануу даражасы.*** Иштелип чыккан жоболорду айыл жергесинин социалдык өнүгүү деңгээлин жогорулатууну практикада жайылтууга мүмкүндүк берет.

***Колдонуу областы.*** Айыл жергесинин социалдык өнүгүүсүн долбоорлоодо жана башкарууда, айылдардын социалдык чөйрөсүн жакшыртууда колдонулат.

# РЕЗЮМЕ

## диссертации Арыновой Наргизы Сапаралиевны на тему: “Проблемы социального развития сельской местности (на примере Ошской области Кыргызской Республики)” на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управления народным хозяйством

***Ключевые слова:*** социальная развития села, социальная сфера, социальная развития региона, социальная инфраструктура, социальная мобилизация, пенсионное обеспечение, социальная защита населения, состояние здравоохранения, уровень образовательной системы.

***Объектом исследование*** являются проблемы социального развития сельской местности, представленная в разрезе Ошской области Кыргызской Республики, общее социальное развитие всего региона.

***Предметом исследование*** являются проблемы социального развития села и пути их улучщения.

***Теоретической и методологической основой исследования*** явились положения современной экономической теории, нормативные документы и законадательные акты, статистические данные, труды отечественных и зарубежных экономистов по изучаемым проблемам.

***Полученные результаты.*** Раскрыты сущность и содержание социального развития сельской местности, выявлены факторы, влияющие на социальное развитие сельской местности, исследованы международный опыты социального развития сельской местности, проанализированы тенденции и состояния социального развития сельской местности Ошской области. Предложены основные направления укрепления материальной базы социального развития сельской местности, разработаны пути улучшения системы образования и здравоохранения сельской местности, отмечены векторы совершенствования социального обеспечения жителей сельской местности.

***Степень использования.*** Внедрение в практику разработанных положений позволит улучшению уровня социального развития сельской местности.

***Область применения.*** Проектирование и управление социальным развитием сельской местности, улучшения социальной сферы села.

# RESUME

**on the Dissertation written by Arynova Nargiza Saparalievna on the theme: "Problems of the Social Development of the Rural Area (for example, Osh oblast of the Kyrgyz Republic)" for a degree of Candidate of Economic Science, specialty 08.00.05 - economics and Management of National Economy.**

***Key words:*** social development of the village, social sphere, social development of the region, social infrastructure, social mobilization, pension provision, social security of the population, the state of public health, the level of education system.

***The objects of investigation are*** the problems of the social development of the rural area, presented from the point of view of Osh oblast of the Kyrgyz Republic and general social development of the whole region.

***The subject of investigation*** is the problem of social development of rural areas and ways to improve them.

***The theoretical and methodological basis of the investigation*** were the principles of the modern economic theory, normative documents and legislative acts, statististical data, the works of local and foreign economists on the problem of study.

***Results.*** It were discovered the essence and the content of the social development of rural area, it were exposed the factors which impact on the social development of the rural area, it were investigated the international experience of the social development of the rural area and it was analyzed the tendency and state of the social development of the rural area of Osh oblast. The main route of the strengthening of the material base of the social development of the rural area were suggested, ways of improving an education and public health systems of the rural areas were developed, and the ways of improvement of the social welfare of the inhabitants of the rural area were identified.

***The degree of use.*** Implementation of the developed regulations into practice will help to improve the level of social development of the rural area.

***Application area.*** Designing and management of social development of the rural area, improvement of the social sphere of the rural area.

Басуута берилди 25. 04. 2015

Формат 60х84 1/16 Буйрутма №

Көлөмү: 1,75 б.т Нускасы 100 даана

«Жети түс» басмаканасы. Ош шаары, Ленин көчөсү 314/1